Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

■ Кызматташтыктын үзүрү

# ДЕН СООЛУК БОРБОРУ ИШТЕЙ БАШТАДЫ

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде ден соолук борборунун жана COVID-19 вирусун аныктоочу (ПЦР) лабораториясынын ачылыш аземи болуп өттү. Иш-чарага Түркия Республикасынын тышкы иштер министри Мевлют Чавушоглу, Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри Руслан Казакбаев жана КР саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министри Алымкадыр Бейшеналиев, КМТУнун ректору, профессор Алпаслан Жейлан жана биринчи проректор, профессор Асылбек Кулмырзаев катышты. Делегация мүчөлөрү учурдун талабына жооп берген ден соолук борбору жана дарт аныктоочу лаборатория менен толук таанышып,



жылуу калоо-тилектерин айтышты.

Ректор, профессор Алпаслан Жейлан өз сөзүндө эки өлкөнүн тышкы иштер министрлери Мевлют Чавушоглу менен Руслан Казакбаевдин ошондой эле КР саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министри Алымкадыр Бейшеналиевдин окуу жайда жасалып жаткан аракеттерге күбө болгондуктарына университеттин атынан ыраазычылык билдирди. Ошондой эле ал аталган борборго жана дарт аныктоочу лабораторияны ишке киргизүүгө кошкон эбегейсиз салымы үчүн Түркия Республикасынын Президентинин Аппаратынын Коммуникация бөлүмүнүн башчысы, КТМУнун Камкорчулар кеңешинин төрагасы Фахреттин Алтунга чын ыкластан ыраазы экендигин кошумчалады.

615 чарчы метр аянтты ээлеген Шейит Эрен Бүлбүл атындагы ден соолук борбору Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги тарабынан аккредитацияланып, бардык керектүү медициналык жабдыктар менен жабдылган. Болжол менен күнүнө 700гө жакын тест алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

**Айзада ДҮЙШӨНБАЕВА**

■ Ийгилик изденүүдөн башталат

# ЗИНА КАРАЕВАНЫН ИЛИМДЕГИ БАЙСАЛДУУ ЖОЛУ

***17-мартта Кыргызстан Эл аралык университетиндеги “Котормо жана Семиотка” илимий мектебинин алдында филология илимдеринин***




Зина Караева 2006-жылы “Котормонун лингвистикалык жана семиотикалык проблемалары” деген темада докторлук эмгегин коргогон.

2012-жылы Кыргыз эл жазуучусу Султан Раев-

Илимий ишмердиктин аркасы менен АКШ, Польша, Италия, Германия, Улуу Британия, Шотландия, Индия, Кытай, Люксембург, Франция, Швейцария, Россия, Өзбекстан жана башка бир

# ЭСЕНГУЛ ИБРАЕВ УНУТУЛБАЙТ



Кыргыз эл акыны Эсенгул Ибраев 1933-жылы 16-мартта Нарын районунун Четнура айылында туулган. Алгач Нарындагы педагогикалык окуу жайын бүтүрүп, Кочкор, Нарын районунун мектептеринде жана райондук комсомол комитеттеринде иштеген.

Кыргыз Мамлекеттик университетине 1956-жылы кирип, журналист адистигин алгандан кийин 26 жыл сатиралык «Чалкан» журналында адабий кызматкер, бөлүм башчы, жооптуу катчы, редактордун орун басары, башка редактор болуп иштеген. Эсенгул Ибраев 1970-жылдан бери жазуучулар союзунун мүчөсү эле.

Эсенгул Ибраевге 1994-жылы “Маданиятка эмгек сиңирген ишмер”, 2001-жылы “Эл акыны” наамдары ыйгарылган.

Акындын чыгармачылык жолунда 26 ырлар, сатиралар жана поэмалар жыйнак-

Анын 100дөн ашык ырларынын текстине обончу-композиторлор обон чыгарышкан.

Кыргыз эл акыны Эсенгул Ибраев өмүрүнүн акыркы төрт жылында Махмуд Кашгари Барскани атындагы Чыгыш университетинин профессору катары «Кыргыз журналистикасынын тарыхы» боюнча дарс окуган.

Ушул университеттин ректору, профессор Асан Ормушев акынды мындайча эскерет.

- Эсенгул Ибраев чыгыш университетинде журналистика бөлүмүндө “Шоола” аттуу адабий ийрими жетектеп, ошондо жаңыдан журналистикага телчигип келе жаткан жаштарды өзү багыттап, азыр алардын асты республикалык телевидения, радио, гезиттерде өзүнүн алгачкы ырларын жазып, “Эсенгул Ибраевди устатыбыз” деп жүрүшөт. Сиздин жаркын элесиңиз, сиз биздин университет үчүн жасап кеткен албан-албан иштериңиз эч убакта унутулбайт.

Кечээ 18-март күнү Бишкек шаарындагы эл аралык Кувейт университетинде Кыргыз эл акыны, Токтогул Сатылганов атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Эсенгул Ибраевди (9-18-март) эскерүү жумалыгынын жыйынты-